УДК 373.2

***Мамбеталиева Ж., Аман кызы Б.***

*Мамбеталиева Ж. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

*Аман кызы Б. – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ЖОМОКТОРДУ РОЛДОШТУРУП ОКУТУУНУН МААНИСИ

# ЗНАЧЕНИЕ РОЛЕВЫХ ИГР В ОБУЧЕНИИ СКАЗКАМ

# THE IMPORTANCE OF ROLE- PLAYING IN TEACHING FAIRY TALES

***Аннотация:*** *Макалада элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок жанрынын жаралышы, өзгөчөлүктөрү жана баалуулуктары туурасында сөз болот. Аны окутуунун артыкчылыктары, ролдоштуруп окутуунун мааниси каралат*

***Аннотация****: В статье говорится о зарождении, особенностях и значении жанра сказки в народном творчестве. Рассмотрены преимущества обучения ему, важность ролевого обучения.*

***Summary:*** *The article talks about the origin, features and significance of the fairy tale genre in folk art. The advantages of teaching it and the importance of role-playing training are considered.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жомок, көркөмдүк каражаттары, окутуунун жолдору, адабий өзгөчөлүктөрү, ролдоштуруп окутуу.*

***Ключевые слова:*** *сказка, художественные средства, методы преподавания, литературные особенности, ролевое обучение.*

***Key words:*** *fairy tale, artistic media, teaching methods, literary features, role-playing training.*

Ааламдашуу заманында коомдун улам өсүп-өнүгүүгө жана жаңыланууга карата алган багыты билим берүү системасына да өз таасирин тийгизип турат. Ага ылайык көз караштар да, түшүнүктөр жана багыттар сапаттуу окутууга басым жасап келишет. Учурда окуучулардын искусствого, көркөм чыгармаларга, маданий жана эстетикалык баалуулуктарга карата табити өзгөрүүдө. Башталгыч класстын окуучуларынын көз карашын келечекке карата калыптандырууда жана алардын инсан болуп тарбияланышына жомоктордун чоң салымы бар. Алардын турмушту фантазиялуу жана кыялкечтик менен кабыл алышары белгилүү. Андыктан, «Адабий окуу» сабактарында өтүлүүчү жомокторду ролдошторуп окутуу аркылуу жакшы жыйынтыктарга жетишүү болот.

Айталы башталгыч класстарда окуучулардын жомокторду кабылдоо деңгээли, ал аркылуу чыныгы реалдуу дүйнөнү таанымы ар түрдүү болгону менен алардын көз карашын бир жерге топтоодо мугалимдин иш аракети негизги орунда турат. Алардын жан дүйнөсүнө жакын жомоктордогу каарманды бөлүштүрүү сабактын уюштурулушуна карата маанилүү кызмат аткарат. Сабакта өтүлүүчү тигил же бул жомоктогу каармандын ролун окуучу классташтарына жеткирүү үчүн каарманга тиешелүү иш-аракетти, алардын речин өз аң сезиминде элестетүү менен аткарууга умтулат. Ошол эле учурда бала тарабынан аткарыла турган каарман өзүнө жаккан шартта ролдоштуруп окутуп жаткан сабактын ийгилиги артат. Бул жерде эске алуучу жагдай, мугалим класстагы балдарга дароо эле ролдоштуруп окууну сунуш кыла албайт. Себеби, сабактын мындай формасына карата алдын ала окуучуларды кабардар кылуу жана аларды даярдоо иштерин жүргүзүүнүн негизинде боло турган иш.

Жомокторду окутуу методикасын өркүндөтүү үчүн, ылайыктуу ыкмалардын айкалышын табуу окуучулардын кабыл алууларын, көндүмдөрүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Жомок – оозеки адабиятта кеңири тараган, көбүнчө ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырган, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгарма. Жомоктор ыр түрүндө да, кара сөз формасында да болот. Фольклористика илиминин тажрыйбасына таянып жана өздүк материалдарга жараша кыргыз жомоктору төмөнкүдөй классификацияланган:

1.Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор,

2.Кереметтүү жомоктор;

3. Турмуштук жомоктор [2, 88-б.].

Окуучуларга жомоктогу каармандардын кулк-мүнөздөрүн, алардын ички дүйнөсүн ачып берүү – көркөм образдын үстүндө иштөөдө мугалим тарабынан тандалып алынган методдордун жана ыкмалардын табиятына жараша жүргүзүлөт. Көркөм окуу, диалогдорду ролдорго жараша үн кубултуп окуу, баяндоо окуучулардын образдарды талдоосуна шарт түзөт. Окуучуларга үйрөтүлүп жаткан жомоктун сюжетиндеги каармандардын ар кандай сүйлөшүүлөрү, же андагы конфликттердин келип чыгышын түшүндүрүүдө алардын кебинин эмоционалдуу жагын көрсөтүүнүн мааниси зор. Анткени, жомоктогу каармандардын речи, алардын мүнөздөрүнүн ачылышына таасир тийгизип турат. Бала үчүн жомокту кабыл алуу бир топ толгонууга жана образды көз алдына келтирип элестөө менен окуянын жүрүшүн тез өздөштүрүүгө түрткү берет.

Мугалим жомок жанрын ролдоштуруп окутуу аркылуу окуучулардын эстетикалык табитин калыптандырууга шарт түзөт десек болот. Тигил же бул жомоктордун текcттин окутуу, үн кубултуп окутуу, ролдорго бөлүштүрүү аркылуу текстти окутуу, текстти тынымдарга бөлүп, акыл чабуулун пайдалануу аркылуу проблемалык суроолорду коюп, каармандардын мүнөздөрүнө баа берүү жолдору аркылуу окутулуп жаткан жомок жанрынын маани-маңызын ачып берүүгө умтулабыз. Ар бир адабий жанрдын өзгөчөлүгү сыяктуу жомоктордун каармандарынын диалогдору аркылуу алардын кулк мүнөздөрүн, оң же терс каарман экендигин так ажырата адабыз.

Адабий окуу сабагында жомоктор сөзсүз түрдө окутулуп, үйрөнүлүүчү жанрлардын бири десек жаңылышпайбыз. Анда жомокторду окутуу менен бирге алардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга карата жакшы иштердин топтомдору аткарылмакчы. Педагог-окумуштуулар тарабынан иштелип жана сунушталган педагогикалык оюндарды сабак процессине камтуу балдардын мүнөздөрүнүн туруктуу болуп калыптанышына таасир тийгизбей койбойт деген пикирлерин билдирип келишет. Оюбуз дилилдүү болуш үчүн п.и.д., профессор А. Муратов тарабынан окутуунун технологияларына багытталган эмгегинен мисал келтирели.

**Ролдук оюндар**

Бул кырдаалда катышуучу өзүнө мүнөздүү эмес ролду алат, адаттан тыш жол менен жүрөт. Ролдук оюн катышуучуга өзүн ар түрдүү кырдаалга коюп көрүүгө, жүрүм турумун өзүнө алган ролго карата моделдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

**Максаттары**

- материалды үйрөнүү, кайталоо, бышыктоо же жалпылоо;
- алган билимин, көндүмдөрүн канчалык деңгээлде экендигин текшерүү;
- топто иштөө менен коммуникативдик жөндөмүн калыптандыруу;

•окуучулардын чыгармачыл жөндөмдөрүн ачууга түрткү болуу, ар бир окуучуга өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү; **Ролдук оюндардын компоненттери:**

**Моделдөө.** Топтун ар бир катышуучусунун ойнотулган конкреттүү кырдаалдагы эффективдүү жүрүм-турумун калыптандыруу.

**Нускама.** Алып баруучунун (мугалимдин) кийлигишүүсү, топтун катышуучуларына кеңеши, кайтарым байланышы, оор кырдаалдан чыгуунун оптималдуу жолун издөөдөгү колдоосу менен жардам берет.

**Колдоо** Ойлонуп жаткан кырдаалда топтун катышуучуларынын жүрүм турумуна стимул берүү үчүн баалоо [4, 284-б.].

Бул жогорудагы педагогикалык оюнду уюштуруунун аркасында өтүлүүчү жомоктордо мугалим сабактын түйшүгүн теренден түшүнүү менен мамиле жасоосуна туура келет. «Жомоктордун балдарга тарбиялык таасири - кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун адам баласы аларды жеңе алат, акыры чындык, актык адамды бакытка бөлөйт деген ойду синдире алгандыгында» [5, 128-б.].

Демек, бул жерде жомокторду окутуу аркылуу башталгыч класстардын окуучуларын этнопедагогикалык компетенттүүлүккө үйрөтүү жана аларды калыптандырууда мугалимден көптөгөн иш аракеттерди талап кылат.

Башталгыч класстардын кыргыз тилинде окуган 3-класстардын окуу китептеринин авторлору Б. А. Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К. Ибраимова тарабынан (2015) түзүлгөн окуу куралдарында төмөндөгүдөй жомоктор камтылган

Жомоктор «Кумурска менен Жалкоо», «Нан», «Гүл жана булбул», «Атасын жакырланткан бала», «Баатыр коён», «Түлкүнүн абышка менен карышкырды алдаганы», «Акылдуу бала», «Эки бир тууган», «Ырыскы», «Сыйкырдуу кыш», «Жалганчы аюу», «Дыйкан менен мышык», «Төө менен кумурска», К.Жуманазаровдун «Жалкоо», С. Байгазиевдин «Манастын төрөлүшү», «Манастын бала кези» жомогу, «Жолойдун жеңилиши» жомок аңгемеси. К.Ушинскийдин «Кыш эмне үчүн жашын төктү?», Ч. Айтматовдун «Жети ата», С.Рысбаевдин «Бир түйүнчөк акча», «Үзүлбөй калган гүлдөр», С.Карымшаковдун «Ууру үкү», Д. Арстановдун «Күн менен булуттун кармашы», Корей эл жомогунан «Билебиз» жана башка бир катар авторлордун жомоктору камтылган.

Жогорудагы эле авторлор тарабынан түзүлгөн 4-класстын адабий окуу китептеринде жомоктордун бериши төмөндөгүдөй тартипте жайгашкан. Жомоктор: «Ата журтуна жеткен комуз», «Тулпар кадырын сынчы билет», «Адамдын пейили», «Акылдын күчү», «Укмуштуу ичик», «Желмогуз», «Торгой акын», «Сиз кетирген жаңылыштыкты мен кайталабайын», «Баарынан эмне таттуу?», «Умай эне», Манас эпосунун негизинде сунушталган жомоктор «Айкөл Манас баатыр», «Семетейдин Таласка келиши», «Сейтек – ата жолун улантуучу». Жазгыч акын Тоголок Молдонун «Телибай тентек» аттуу ыр түрүндөгү жомогу, Муса. Жангазиевдин «Кумурскалар коому», Касымалы Жантөшевдин «Ысык-Көл жөнүндө сөз». Дүйнө элдеринин балдар үчүн чыгармалар бөлүмүндө «Акылдуу дыйкан» (швед эл жомогу), «Цзи Чан жаа тартканды кантип үйрөндү?» (кытай эл жомогу), «Жамандык эмнеден келип чыгат?» (казак эл жомогу), «Кемине конокко келгенде» (түркмөн эл жомогу), З. Пасанованын «Жылдыз карап жол тапкан мышык».

Мектептерде башталгыч класстарды «Адабий окуу» сабагынан өтүлүүчү жомокторду ролдоштуруп окутууда мугалим төмөндөгүдөй жыйынтыктарга жетишет:

• окуучулар жомоктордун мазмунун жетиштүү деңгээлде айтып берише алышат;

• жомоктордогу өздөрү аткарган каармандарды талдай билүүгө жетишет;

• жомоктун жыйынтыгында камтыган идеясын толук түшүнө алышат;

• башка жомокторду да ушундай жол менен өтүүгө карата кызыгуулары пайда болот;
 жомокторду көбүрөөк окууга карата көз караштары өзгөрүлөт;  өз ойлорун эркин айтууга көнүгүшөт.

Ал эми ошол эле учурда жомокторду ролдоштуруп окутууда төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр боло тургандыгын сабак өтүү учурунда байкай алдык:

• жомокторду жанрдык өзгөчөлүгүн түшүнүү;
• ролду аткарган окуучулар башка роль менен салыштырып мүнөздөй алат;
• жомоктогу майда-чүйдөсүнө чейин көңүл коюп окуу жопкерчилиги пайда болот;
• жомоктордогу жыл мезгилдерине терең маани беришет;
• жомоктору каармандардын речин үн кубултуп аткарууга;
• ролдоштурган жомокторун кайра толук баяндап бере алышат;
• аткарган ролуна карата жеке пикирин айта алышат;
• жомоктогу айрым түшүнүксүз сөздөрдү түшүнө алышат; ж.б

Башталгыч класстардын адабий окуу китептериндеги жомоктор окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша адабий билимин түптөөгө жол көрсөтүүчү негизги курал. Анда балдарды китеп окууга багыттоо, эне тилибизде эркин сүйлөөгө, улуу-кичүүгө урматтоо менен мамиле кылууга үйрөнүшөт.

Жомокторду окутууда класс жана жаш өзгөчөлүктөрүнө карата ролдук сабактарды, оюн сабактарды мезгил-мезгили менен уюштуруп туруу окуучуларды шыктандыруу менен бирге аларды жоопкерчиликтүү болууга багыт берет. Окутуу процессинде сабакты (жомокторду) ролдоштуруп окутуу менен гана чектелбестен оюн уюштуруп окутуу да жакшы жыйынтык бере тургандыгын педагог – окумуштуулар өз эмгектеринде белгилеп кетишкен. П.и.д., профессор Э. Мамбетакунов төмөндөгүдөй пикирини билдирет: «Балдардын ишмердүүлүктөрүнүн негизгилери – оюн, окуу, эмгектенүү. Оюн ишмердүүлүгү аныкталган образдарды аткаруу менен тигил же бул социалдык тажрыйбага ээ болушу. Окуу окуучунун өздүк активдүүлүгү окуу материалын жөн гана кабыл албастан, ага өзүнүн жеке ой-толгооосун пайда кылуу менен өздөштүрүүгө шарт түзөт» [3, 69-70-б.]. Ушундай эле көз карашын жана баалуу пикирин окумушту И.Бекбоев билдирген. Ал: «Азыркы мезгилде билим берүү системасында окутуунун активдүү технологиясы абдан кеңири колдонулууда. Алардын негизги түрлөрү төмөнкүлөр: дискуссия, оюндар, тегерек стол, акыл чабуулу ж.б. Оюнсуз үйрөнүү жок..., окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу супсак болот... Ал гана эмес жаттап алганга караганда ойноо процессинде өздөштүрүлгөн нерсе бекемирээк сактала тургандыгы белгилүү» [1, 384-б.].

Окумуштуулардын пикирлерине таяна турган болсок, өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмүнүн деңгээлинин өнүгүүсүнө ролдук окутуулардын, оюн уюштуруу менен өтүлгөн сабактардын мааниси терең. Окутуудагы эске алуучу негизги жагдай, окуучуларга ал жомоктордогу жан-жаныбарлардын сүрөттөлүшүн толук ачып берүү менен турмушта туура жолго багыттоо максатында адамдардагы жакшы сапаттарга ээ кылууга жасалган иш аракет болмокчу. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутууда анын сюжетин гана түшүндүрүп койбостон тарбиялык максатын да ачып берүү болуп саналат. Андыктан заманбап сабак иштелмелерди жаратуу, адабият аркылуу баланын руханий жан дүйнөсүнө таасир бере турган окутууун алгылыктуу формаларын сунуштоо педагогикалык жамааттын чексиз милдети деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


**1.** Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери – Бишкек: Педагогика века, 2004

**2.** Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы. –Б.: 2004.

**3.** Мамбетакунов, Э.М. Педагогиканын негиздерив. – Бишкек: Элпек, 2008

**4.** Муратов А., К.Акматов мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары.-Б.: 2022.

**5.** Муратов А., Б. Тажикова, К.Акматов. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-китеп. Ош 2015